# Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык көп тармактуу институту

# Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык көп тармактуу институтунун тарыхы

- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык көп тармактуу институту 26 жыл мурда жаңы түзүлгөн Баткен областынын социалдык-экономикасын, маданиятын өнүктүрүү жана аймактын жогорку билимдүү кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы №190 Указынын негизинде башкы мекемеси Баткен шаарында жайгашуу менен Баткен мамлекеттик университети болуп ачылган.


БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

Баткен жергесинде бирден-бир жогорку билим берүүнүн, илимдин, маданияттын булагына айланган окуу жайыбыздын өзгөчөлүгү - жергиликтүү элдин турмуш шартына жана Баткен облусунун географиялык абалына байланыштуу анын структуралык бөлүмдөрү жер-жерлерде ачылгандыгында.

Мисалы, Баткен шаарында университеттин башкы мекемеси жана Баткен көп тармактуу колледжи жайгашкан, Кызыл-Кыя шаарында - Кызыл-Кыя педагогикалык институту, Кызыл-Кыя көп тармактуу институту, Сүлүктү шаарында – Сүлүктү аймактык институту, Сүлүктү педагогикалык окуу жайы жайгашкан.

Окуу жайы чейрек кылым ичинде жогорку билим берүү системасында бардык талаптарга жооп берген, өзүнүн өнүгүү стратегиясынын алкагында иш алып барган, жогорку окуу жайлардын арасында өз орду бар билим ордосу катары таанылды. Окуу жайда 300дөн ашуун профессорлор, окутуучулар эмгектенишип, алардын бешөө илимдин доктору, профессорлор, 60тан ашууну илимдин кандидаттары, доценттер.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы №256 «Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы №826 «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 13-январындагы № 06 «Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин кайра уюштуруу жөнүндө» буйругун аткарып, Жусуп Баласагын атындагы КУУнин ректору, профессор Д.Т. Чонтоевдин 2026-жылдын 24-апрелиндеги № 138 буйругунун негизинде мурунку Баткен мамлекеттик университетинин базасында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык көп тармактуу институту түзүлүп, төмөнкүдөй жаңы структурасы бекитилди:

- Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультети;
- Баткен Ыйман окуу-тарбия комплекси.

Ж. Баласагын атындагы КУУнин ректору, профессор Д.Т. Чонтоевдин 2026-жылдын 27-апрелиндеги № 07/15-241 буйругунун негизинде социология илимдеринин кандидаты, доцент Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык көп тармактуу институтунун директору кызматына дайындалды.

Учурда Ж. Баласагын атындагы КУУнин Баткен аймактык көп тармактуу институтунда 108 профессордук-окутуучулук курамы эмгектенип, 2000ден ашуун студенттерге татыктуу билим беришүүдө.